# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 31-майы ПЖ № 171*

## Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексин бекитүү жөнүндө

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчылары тарабынан этиканын ченемдерин сактоону камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин, "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесин жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодекси тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Жапаров**

Тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы ПЖ № 171 Жарлыгына)*

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика КОДЕКСИ

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодекси (мындан ары - Этика кодекси) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, коррупцияга каршы аракеттенүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат боюнча маселелерди жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты, ошондой эле коомдун жалпыга таанылган адептик принциптерине жана ченемдерине негизделген.

2. Этика кодекси мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кызматчыларына, ошондой эле мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жок болгон кызматчыларынын кызмат орундарын убактылуу ээлеп жаткан адамдарга да жайылтылат (мындан ары - кызматчылар).

## 2. Кызматчылардын этикасынын негизги принциптери

3. Кызматчынын этикасы - бул кызматчынын жүрүм-турумунун эрежелерин белгилөөчү жана жөнгө салуучу ченемдердин системасы. Этиканы сактоо ар бир кызматчынын милдети болуп саналат.

4. Кызматчы этиканын төмөнкү принциптерин сактоого тийиш:

1) ар дайым мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ак ниеттүүлүгүнө, калыстыгына жана натыйжалуулугуна жарандардын ишенимин калыптандыргандай, сактагыдай жана бекемдегидей кылып өзүн алып жүрүү;

2) өз кызыкчылыгында пайда көрүүгө жетишүү жана мыйзамсыз байып кетүү үчүн кызматтык абалын пайдаланууга жол бербөө;

3) сылык, сыпайы, чыдамдуу, принциптүү болуу, маселенин маңызын терең түшүнүүгө умтулуу, аңгемелешкен адамды угуу жана анын позициясын түшүнө билүү;

4) башка кызматчылар тарабынан этиканын ченемдерин бузуу фактылары аныкталган учурда Этика кодексинде каралган чараларды көрүү;

5) өзүнө баш ийген адамды укуксуз чечимдерди кабыл алууга же мыйзамсыз аракеттерди жасоого мажбурлабоо;

6) өз ишинде кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө;

7) кызматтык милдеттерин ак ниет аткаруу;

8) үрп-адаттарга жана каада-салттарга сый-урмат менен мамиле кылуу;

9) өзүнүн кызматтык ишине кимдир бирөө, анын ичинде ээлеген кызмат ордуна жана абалына карабастан башка кызмат адамдары тарабынан мыйзамсыз таасирге же таасир этүүгө жол бербөө;

10) мамлекеттин жана коомдун алдында моралдык жана адептик жоопкерчилик тартуу.

5. Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси өзүнө баш ийген кызматчылар тарабынан этиканын принциптеринин бузулушун болтурбоо жана ага бөгөт коюу боюнча бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.

6. Кызматчынын этика принциптерин жана ченемдерин сактоо анын кызмат өтөөдөгү милдеттүү шарты болуп саналат.

## 3. Кызматчынын коррупцияга каршы стандарттары жана кесиптик милдеттери

7. Коррупцияга каршы стандарттар - коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тыюу салуулар, чектөөлөр, талаптар түрүндөгү кызматкерлер үчүн белгиленген жоболор, аларды кармануу коррупцияны алдын алуу үчүн кызматкерлердин коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандырууну болжолдойт.

8. Кызматчы этиканын жана кызматтык жүрүм-турумдун төмөнкүдөй ченемдерин сактоого тийиш:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерди жетекчиликке алуу;

2) кызматтык милдеттерин ак ниет аткаруу, аларды жогорку кесиптик деңгээлде аткарууга умтулуу;

3) Кыргызстандын элинин үрп-адаттарына жана каада-салттарына сый-урмат менен сабырдуу мамиле кылуу, ар түрдүү этностук, социалдык топтордун жана конфессиялардын маданий жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алуу, улуттар аралык жана конфессиялар аралык ынтымакка көмөктөшүү;

4) адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо, жарандарга жана кызмат адамдары менен болгон мамиледе ийкемдүүлүгүн жана ыкластыгын көрсөтүү;

5) кызматтык ыйгарым укуктардын алкактарынан чыкпоо;

6) жеке жана партиялык кызыкчылыктардын коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарынан жогору турушуна жол бербөө;

7) мамлекеттин кадыр-баркын көтөрүүгө аракеттенүү, жетекчиликти жана мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн саясатты ачык сындабоо;

8) туугандык, жердештик жана урук-урууга таандыгы аркылуу жетекчиликке карата жеке берилгендик көрүнүштөрүнө, кызматтык мүмкүнчүлүктөрдүн эсебинен пайданы жана артыкчылыктарды алуу үчүн умтулууга жол бербөө;

9) кызыкчылыктардын кагылышуусу чөйрөсүндөгү ага белгилүү болгон мыйзамдарды бузуу фактылары жөнүндө жетекчиликке жана тиешелүү органдарга токтоосуз маалымдоо;

10) башка адамдарды коррупциялык укук бузууларды жасоого түртпөө жана шыктандырбоо;

11) кесиптештерге жана жетекчилерге кайрылып, калыс кызматтык чечимди кабыл алууга таасир бере ала турган, өз ара мамилелердин белгиленген тартибин бузган укуксуз сураныччтардан кармануу;

12) үчүнчү жактардын кызыкчылыктарын сунуштоодон же сүрөмөлөөдөн, алардын атынан аракет кылуудан кармануу.

## 4. Кызматчылардын кызматтык жүрүм-турумунун этикалык эрежелери

9. Кызматчы өзүнүн кызматтык жүрүм-турумунда адам укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп эсептелет жана ар бир жаран жеке турмушунун кол тийгистигине, жеке жана үй-бүлөлүк сырга ээ болууга, абийиринин, ар-намысынын, өзүнүн жакшы атынын корголушуна укуктуу деген конституциялык жоболорго таянышы керек.

10. Кызматтык жүрүм-турумунда кызматчы төмөнкү иш-аракеттерден кармануга тийиш:

1) адамдын жынысы, курагы, расасы, улуту, тили, жарандыгы, социалдык, мүлктүк же үй-бүлөлүк абалы, саясий же диний ынанымдарынын белгилери боюнча басмырлоочу мүнөздөгү сөз айтуунун же аракеттердин кайсы болбосун түрлөрүнөн;

2) оройлуктан, тоотпогондуктан, кекирейгендиктен, жалган алдын ала ойлорунан эскертүү берүүдөн, туура эмес, жөнү жок айыптоолорду коюудан;

3) коркутуп-үркүтүүдөн, кемсинткен сөздөрдөн же пикирлеринен, кадимкидей баарлашууга тоскоолдук кылган же укукка каршы жүрүм-турумга түрткөн аракеттерден;

4) имараттарда жана бөлмөлөрдө тамеки тартуудан.

11. Жарандар жана кесиптештер менен аңгемелешүүдө кызматчылар ыклас, кичи пейил, ак ниет, сыпайы, чыдамдуу болушу керек.

12. Кызматчыга ишке алкоголдук, баңгилик же токсиндик мас абалында келүүгө же жумуш ордунда спирт ичимдиктерин, баңги заттарын колдонууга, ошондой эле өрт жана санитардык коопсуздук эрежелерин бузууга тыюу салынат.

## 5. Кызматчынын ишин уюштуруу

13. Кызматчы жумушчу күнүнүн тартибин сактоого жана коюлган милдеттерди өз учурунда аткаруу үчүн умтулууга, кызматтык мүлккө сарамжалдуу мамиле жасоого жана пайдаланууга милдеттүү.

14. Кызматчы өз жумушчу ордун иш үчүн жана жарандарды кабыл алууга болушунча ыңгайлуу кылып уюштурушу керек. Кызматчынын иши үчүн керектүү шарттарды камсыз кылуу органдын жетекчисинин милдети болуп саналат.

15. Кызматчы милдеттерин аткарууда маалыматтык технологиялардын заманбап каражаттарын колдоно билиши керек.

## 6. Кызыкчылыктардын кагылышуусундагы кызматчынын жүрүм-туруму

16. Кызыкчылыктардын кагылышуусу кызматчынын жеке кызыкчылыктары анын расмий милдеттерин же функцияларын аткаруусуна таасир эткенде же таасир этиши мүмкүн болгондо пайда болот, бул жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келет же алып келиши мүмкүн.

Кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болгон учурда же мындай кагылышуунун келип чыгуусу мүмкүн болгондо кызматчы бул жөнүндө жетекчиге маалымдоого милдеттүү. Кызыкчылыктардын кагылышуусу келип чыкканда жетекчи кызматчылардын кызматтык ыйгарым укуктарынын артыкчылыктарын жеке максаттарда пайдаланууга жол бербөө максатында кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген чараларды көрөт.

## 7. Белектерди алуу

17. Кызматчы кызыкдар адамдардан белектерди (акчаны, товарды, кызмат көрсөтүүлөрдү ж.б.) алуу үчүн кызматтык абалын пайдаланууга укуксуз жана мамлекеттин жана муниципалдык кызматтын кадыр-баркына шек туудура турган кырдаалдардан алыс болууга тийиш.

18. Аракет (аракетсиздик) же кызматтык милдеттерин аткаруунун мөөнөтүн жылдыруу түрүндө белек, сый акы же кандайдыр бир башка жеке пайда алуу үчүн үчүнчү жакка кандайдыр бир жардам сунуштоого же убада берүүгө тыюу салынат.

19. Протоколдук жана расмий башка иш-чараларга байланыштуу кызматтык иш сапарлардын учурунда кызматчы алган белектер мамлекеттик башкаруунун же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү органынын менчигине акт боюнча өткөрүлүп берилет. Кызматчыларга кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген тартипте белектерди сатып алууга жол берилет.

Көрсөтүлгөн чектөөлөр расмий сыйлыктарга (байгелерге, дипломдорго, грамоталарга ж.б.) жайылтылбайт.

## 8. Кызматтагы субординация жана өз ара мамилелер

20. Кызматчы кесиптештери менен өз ара аракеттенүүдө ак ниеттүүлүккө, кең пейилдүүлүккө, жагымдуу моралдык климаттын калыптануусуна көмөктөшүүгө, өз ара жардам көрсөтүүгө үлгү болушу керек.

21. Кызматчы кесиптештерине урматтоо менен мамиле жасоого, аларды ачык сындабоого, жетекчинин чечимдерине ачык шектенүүгө укуксуз. Жетекчинин чечими менен макул болбогон учурда кызматчы өзүнүн позициясын жазуу жүзүндө баяндоо менен ага кайрылууга укуктуу.

22. Кызматчылар субординацияны сактоого, кызматтык мамилелердин алкактарынан чыкпоого, кесиптештерине карата сый-урмат көрсөтүүгө жана аларды кемсинткен сөздөрдү айтпоого тийиш.

23. Жамаатта жетекчи өзүнүн кол алдындагыларга карата урматтоо мамилесин көрсөтүүгө, ак ниеттүүлүктүн, адилеттүүлүктүн үлгүсү болууга, натыйжалуу иш үчүн жагымдуу моралдык-психологиялык климаттын калыптанышына көмөктөшүүгө, алардын ишин моралдык колдоого жана уюштура билүүгө, кесиптик жактан өсүүсү үчүн шарттарды түзүүгө жана баш ийген кызматкерлердин убактысын баалай билүүгө тийиш.

Жетекчи өзүнүн кол алдындагылардын муктаждыктарына көңүл бурууга, алардын өтүнүчтөрүнө жооп берүүгө, жамааттагы иштиктүү абалды колдоого тийиш.

## 9. Коомдук жана саясий иш

24. Кызматчынын коомдук жана саясий (кызматтан тышкары) иши айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн анын чынчылдыгына жана жакшы тарбия алгандыгына шектенүүнү жаратпашы керек. Кызматчынын кызматтан тышкаркы иши же анын коомго, саясий бирикмеге жана диний уюмга таандыгы анын кызматтык милдеттерин калыс жана объективдүү аткаруусуна шектенүүлөрдү пайда кылбоого тийиш.

25. Кызматчы өзүнүн кызматтык абалын пайдалануу менен башка кызматчыларды коомдук, саясий бирикмелердин жана диний уюмдардын ишине катыштырууга мажбур кылбашы керек.

26. Кызматчыга коомдук, саясий бирикмелердин жана диний уюмдардын иш-чараларын кызматтык жайларда өткөрүүгө, ошондой эле жумуш убагында кызматтан тышкары иштер менен алектенүүгө тыюу салынат.

27. Кызматчы иш жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарын бузууга, мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүлкүнө зыян келтирүүгө, жарандарга моралдык зыян алып келүүгө мүмкүн болгон кырдаалдардан алыс болууга тийиш.

## 10. Жарандар менен мамилелери

28. Кызматчы жарандар менен болгон мамилелерде төмөнкүлөргө милдеттүү:

- сыпайы жана кичи пейил болууга;
- өзүнүн тартиптүүлүгүн жана уюшкандуулугун көрсөтүүгө;
- маселени кароону создуктурууга жол бербөөгө, алардын жеке убактысына сарамжал мамиле жасоого;
- кызмат көрсөтүүлөрдү алган тараптардын биринин кызыкчылыктарын көздөбөөгө;
- мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадыр-баркын колдоого.

## 11. Кызматчынын тышкы көрүнүшү

29. Кызматтык милдеттерин аткарууда кызматчынын сырткы көрүнүшү расмий, токтоолук, тыкандык менен айырмаланып, жалпы кабыл алынган иштиктүү стилге ылайыктуу болушу керек.

30. Кийим-кечекке карата атайын талаптар кызматтык иш сапарларда жүргөн мезгилде жана протоколдук иш-чараларга катышкан кызматчыларга коюлат.

31. Кийим-кечек тыкан, иштиктүү стилде, классикалык багытта болушу керек. Кийим-кечектин өңү-түсү классикалык жана иштиктүү стилге ылайык келиши зарыл, өтө эле ачык түстө болгону сунушталбайт. Кызматчынын кийим-кечегине негизги талаптар - тыкан, ыңгайлуу жана сырткы көрүнүшү демейдегиден чыкпаган болууга тийиш.

Спорт стилиндеги кийим жумуш шартында алгылыктуу деп эсептелбейт.

Чач жасалгасы кызматчынын иштиктүү имиджин баса көрсөтүп, тыкан жана таза болушу керек.

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык форма кийимин кийүүгө укугу бар мамлекеттик органдардын кызматчылары (атайын, укук коргоо, ведомстволук) аны форма кийимин кийүүнүн белгиленген эрежелерине ылайык кийишет.

## 12. Пикир алышуу стили

32. Пикир алышуу стили кызматчынын маданий деңгээлин чагылдырат.

33. Кесиптештери жана башка адамдар менен пикир алышууда кызматчы ак ниеттүүлүк жана ачык-айкындуулук принциптерин кармануусу зарыл.

Кызматчы кызматтык маектешүүлөрдү жүргүзүүдө рационалдуулукка, ачыктыкка жана тактыкка умтулууга тийиш.

## 13. Ачык иш-чараларга катышуу

34. Кызматчылардын жүрүм-турум этикасынын эрежелери расмий ачык иш-чараларга жайылтылат.

35. Ачык иш-чараларда кызматчы ачык чыгып сүйлөө ыкмаларын туура пайдаланууга, мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадыр-баркына шек келтирген туура эмес жүрүм-турумдан жана сөздөрдөн алыс болууга тийиш.

Ачык чыгып сүйлөөдө кызматчы кайсы мамлекеттик башкаруу же өз алдынча башкаруу органынын атынан чыкса, ошонун позициясына дал келген маалыматты айтууга укуктуу.

## 14. Чет өлкөдө иш сапарда жүргөн кызматчы үчүн этика эрежелери

36. Кызматчы чет өлкөдө иш сапарда болгондо Кыргыз Республикасын татыктуу көрсөтүп, барган өлкөнүн мыйзамдарына, эрежелерине, үрп-адаттарына жана каада-салттарына сый-урмат менен мамиле кылууга жана үй-бүлөсү менен бирге барган учурда алардын да ушундай мамиле кылуусун камсыз кылууга тийиш, ошондой эле:

- жалпы кабыл алынган моралдык-этикалык ченемдерди сактоого жана убактылуу барган өлкөнүн жарандары жана чет өлкөлүк жарандар менен кандайдыр бир чыр-чатактарга кийлигишпөөгө;

- убактылуу баруу программасында каралган эл аралык иш-чараларга катышууда белгиленген тартипти сактоого;

- кызматтык маалыматты жана кызматтык абалды жеке кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга, чет өлкөгө барганга чейин белгиленген тартипте макулдашылбаган милдеттенмелерди өзүнө алууга жана убада берүүгө болбойт;

- убактылуу барган өлкөнүн жеке адамдарынан жана юридикалык жактарынан кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууга байланыштуу аракет кылуу же аракетсиздик үчүн белек, акча жана кызмат көрсөтүү түрүндөгү сый акыларды алууга тыюу салынат.

## 15. Мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын этика маселелери боюнча комиссия

37. Мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар бир органында кызматчылардын этикалык жүрүм-турумуна арыздарды жана даттанууларды кароочу кызматчылардын этика маселелери боюнча комиссия түзүлөт (мындан ары - этика боюнча комиссия).

Этика боюнча комиссия өз ишин ачык-айкындуулук, коллегиялуулук жана ак ниеттүүлүк принциптеринде жүзөгө ашырат.

38. Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн саны так эмес, бирок үч адамдан кем эмес санда түзүлүүгө тийиш.

Этика боюнча комиссия гендердик өкүлчүлүктү эске алуу менен жамаатта кадыр-баркка жана урмат-сыйга арзыган кызматчылардын ичинен жамааттын жалпы чогулушунда түзүлөт. Комиссиянын төрагасы этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү тарабынан шайланат. Комиссиянын жеке жана сандык курамы жетекчи тарабынан бекитилет.

39. Этика боюнча комиссиянын жыйналыштары зарылчылыкка жараша өткөрүлөт.

40. Этика боюнча комиссия төмөнкүдөй ишти жүзөгө ашырат:

1) кызматчынын этика ченемдерин бузгандыгы жөнүндө кайрылууларды жана фактыларды карайт;

2) этикалык жүрүм-турум маселелери боюнча жамаатка окутуу өткөрөт;

3) коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жана кызыкчылыктардын кагылышуусун жоюу боюнча сунуштарды берет;

4) кызматчылар менен этика маселелери боюнча профилактикалык маектешүүлөрдү өткөрөт;

5) өз компетенциясынын алкагында башка маселелерди карайт.

41. Этика ченемдери бузулган фактылар белгиленген учурда этика боюнча комиссия төмөнкүдөй чараларды көрөт:

- кызматчыны моралдык жактан уяткарат;

- этика ченемдерин сактоонун милдеттүүлүгү жөнүндө жазуу жүзүндө эскертүү берет;

- жетекчиге кызматтык иликтөөнү жүргүзүү жөнүндө сунуш киргизет.

42. Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү кызматчылар этиканы бузгандыгы жөнүндө ачык чыгып сүйлөөгө укуксуз. Этиканы бузуу фактылары табылган учурда комиссия жетекчи менен аларды ачык чагылдыруунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени макулдашат.

Этика боюнча комиссиянын ишинин тартиби мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан бекитилген Регламентте аныкталат.

## 16. Этика боюнча комиссиялардын ишинин мониторинги

43. Этика боюнча комиссиянын ишине мониторингди жана талдоону мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүргүзөт.

44. Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган:

- мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан этика боюнча комиссиялардын иши жөнүндө ар жылдык отчетту сурай алат;

- этика боюнча комиссиялардын иши жөнүндө топтолгон маалыматты даярдоого жана аны Кыргыз Республикасынын Президентине жөнөтүүгө укуктуу;

- этика боюнча комиссиялардын ишин уюштуруу маселелеринде методикалык жардам көрсөтөт;

- зарыл болгондо этика боюнча комиссиялардын ишиндеги тартип бузуу фактыларын кароого жана аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштарды жана чараларды иштеп чыгууга укуктуу.

## 17. Этика боюнча комиссиянын чечимдерине даттануу

45. Этика боюнча комиссиянын чечимине макул болбогон учурда, кызматчы Кыргыз Республикасынын процесстик мыйзамдарында каралган мөөнөттө сотко кайрылууга укуктуу.